**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы
Акылбек Усенбекович Жапаровдун сунуштамасын өндүрүшкө
кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 24-январы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч.А. Айдарбекова, Л.Ч. Жолдошева, Л.П. Жумабаев, сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У. Жапаровдун сунуштамасын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У. Жапаровдун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин 2-бөлүгүн расмий чечмелеп берүү жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 6-ноябрындагы № 694 «Кыргыз Республикасынын калкынын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун түзүмүн бекитүү жөнүндө» токтому менен Кыргыз Республикасынын калкынын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун өлчөмүн эсептөөнүн методикасы бекитилген. Жашоо минимумунун өлчөмү мыйзам тарабынан белгиленбестен, жогоруда аталган методикага ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан квартал сайын эсептелинип келет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, пенсия, социалдык жөлөк пулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат.

Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 22-беренесинде, ар бир адам, коомдун мүчөсү катары, улуттук күч-аракеттер жана эл аралык кызматташтык аркылуу жана ар бир мамлекеттин түзүмүнө жана ресурстарына ылайык, өзүнүн кадыр-баркын сактоо жана инсандын эркин өнүктүрүү үчүн зарыл болгон экономикалык, социалдык жана маданий тармактардагы укуктарды социалдык жактан камсыз кылууга жана жүзөгө ашырууга укуктуу.

Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 2-беренесине ылайык, аталган Пактыга катышкан ар бир мамлекет жеке тартипте жана эл аралык жардам жана кызматташтык тартибинде, атап айтканда экономикалык жана техникалык жааттарда, Пактыда таанылган укуктардын бардык тиешелүү ыкмалар менен, анын ичинде мыйзам чыгаруу чараларын кабыл алууну акырындык менен толук жүзөгө ашырууну камсыз кылуу үчүн колдо болгон ресурстардын максималдуу чектеринде чараларды көрүүгө милдеттенет.

Ошондой эле, кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин корутундусун белгилеген, ага ылайык аз камсыз болгон 16 жашка чейинки балдары бар үй-бүлөлөрдө, жөлөк пул дайындоодо жана төлөөдө балдар үчүн жашоо минимумунун өлчөмүндө (6 150 сом) «үй-бүлөгө көмөк» бир үй-бүлөгө жөлөк пулдун берилүүчү суммасы айына 19 680 сомду түзөт, бул республика боюнча орточо эмгек акынын деңгээлине жетет, ошондой эле социалдык чөйрөнүн кызматкерлеринин орточо эмгек акысынан аша тургандыгын билдирди.

Сунуштамада баяндалгандай, «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, пенсионерлердин кызыкчылыктарын

коргоону камсыз кылуу максатында, пенсиянын базалык жана камсыздандыруу бөлүктөрүнө индексация жүргүзүлөт. Индексациялоодон мурдагы өткөн календардык жылда республика боюнча орточо эмгек акынын чоңдугунун көлөмүнүн көбөйүшү пенсиянын базалык бөлүгүнө индексациялоо жүргүзүү үчүн шарт болуп саналат. Эгерде пенсиянын жалпы өлчөмү пенсионердин жашоо минимумунун чоңдугунан (өткөн календардык жылда иш жүзүндө түзүлгөн) төмөн болсо, пенсиянын базалык бөлүгү индексацияланат. Орточо эмгек акынын чоңдугунун жана индексациянын алдындагы календарлык жылы калыптанган керектөө бааларынын индексинин өсүшү пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүн индексациялоо шарты болуп саналат.

Пенсияларды индексациялоо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинде каралган каражаттардын чектеринде жыл сайын жүргүзүлөт. 2022-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрүнүн өлчөмдөрүн индексациялоо коэффициенти 1,15 өлчөмүндө бекитилген. Муну менен бирге, пенсиялык системаны реформалоо боюнча жасалган кадамдар объективдүү себептерден улам дароо натыйжа бере албайт, анткени пенсиялык системанын узак мөөнөттүү милдеттенмелери бар деп кайрылуу субъектисинин сунуштамасында белгиленген.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арыз ээси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттин социалдык иши жарандардын өзү жана үй-бүлөсү үчүн экономикалык бакубаттыкка жетишүү мүмкүндүгүн, экономикалык эркиндигин, активдүүлүгүн чектөөчү мамлекеттик камкордук формасына өтпөөгө тийиш экендигин белгилейт.

Ушуга байланыштуу, кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин 2-бөлүгүн расмий чечмелеп берүүнү сурануууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы сунуштаманы жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып,

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья – баяндамачы Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат. Белгиленген конституциялык Мыйзам менен конституциялык контролдоо органынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсү, кайрылуунун формасына жана мазмунуна коюлган талаптар белгиленип, Конституциялык соттун алдында конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында чечилүүгө тийиш болгон айрым маселелерди коюуга укугу бар субъекттердин тиешелүү тизмеси аныкталган.

Ар бир кайрылуу субъектиси Конституциянын ченемдерин чечмелөөгө байланышкан укуктук маселени Конституциялык соттун алдына коюу үчүн ага кайрылуу боюнча өзүнүн укуктарынын көлөмүнө ээ. Ушуга байланыштуу Конституциялык соттун ар кандай ыйгарым укуктары боюнча Конституциялык сотко кайрылуу субъекттеринин тизмеси айырмаланат жана ал конституциялык сот өндүрүшүн толук жана натыйжалуу жүргүзүүдө чоң мааниге ээ.

Ал эми «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 2-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Министрлер Кабинети Президентке баш ийген жана отчет берген аткаруу бийлигинин жогорку коллегиалдуу органы болуп саналат. Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн коллегиалдуулугу Министрлер Кабинетинин өз ишинде негизденген башкы принциптердин бири (аталган конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пункту).

Министрлер Кабинетинин курамы Төрагадан, Төраганын орун басарларынан жана Министрлер Кабинетинин башка мүчөлөрүнөн турат

(Конституциянын 90-беренесинин 1-бөлүгү).

Келтирилген документтерден А.У. Жапаров Министрлер Кабинетинин Төрагасы катары Конституциялык сотко сунуштама киргизген, бирок конституциялык контролдоо органына кайрылуу боюнча Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жактыруусун караштырган тиешелүү чечими келтирилбегени көрүнөт.

Ушуга байланыштуу, кайрылуу менен бирге Конституциялык соттун алдына конституциялык ченемди расмий чечмелеп берүү жөнүндө укуктук маселени коюуга Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн эркин күбөлөндүргөн жазуу жүзүндөгү документтердин келтирилбегендигине байланыштуу, кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети катары аныкталышы мүмкүн эмес.

Муну менен бирге, сунуштамада Министрлер Кабинетинин расмий өкүлдөрү катары Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы Б.Д. Алиев жана Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри К.Б. Базарбаев көрсөтүлүп, бирок келтирилген сунуштамага ишеним каттар же өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарын ырастоочу документтер тиркелген эмес.

Конституциялык ченемди расмий чечмелеп берүү жөнүндө сунуштамага карата мындай талаптар конституциялык сот өндүрүшүнүн ушул түрүнүн өзгөчөлүгү менен шартталган, ал мыйзам чыгаруу үчүн гана эмес, укукту ишке ашыруунун бардык формалары үчүн, анын ичинде укуктук көрсөтмөлөрдү сактоо, аткаруу жана жүзөгө ашыруу үчүн да маанилүү.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарына ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе жана кайрылуу тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз

Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 2-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Усенбекович Жапаровдун сунуштамасын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Сунуштама жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.
3. Аныктама арызданууучу тарабынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы — Ч.А. Айдарбекова

Л.Ч. Жолдошева

Л.П. Жумабаев

№______